# ТТК (SIC) 32 түшүндүрмөсү
## *«Материалдык эмес активдер – веб-сайтка чыгымдар»*

## Шилтемелер

- *«Бизнестерди бириктирүү»* ФОЭС (IFRS) 3
- *«Сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн киреше»* ФОЭС (IFRS) 15
- *«Ижара»* ФОЭС (IFRS) 16
- *«Финансылык отчеттуулукту берүү»* ФОЭС (IAS) 1 (2007-жылы кайра каралган)
- *«Запастар»* ФОЭС (IAS) 2 (2003-жылы кайра каралган)
- *«Негизги каражаттар»* ФОЭС (IAS) 16 (2003-жылы кайра каралган)
- *«Активдердин наркынын түшүшү»* ФОЭС (IAS) 36 (2004-жылы кайра каралган)
- *«Материалдык эмес активдер»* ФОЭС (IAS) 38 (2004-жылы кайра каралган)

## Суроо

1 Ишкана ички жана тышкы пайдалануучуларга арналган өзүнүн веб-сайтын иштеп чыгууга жана эксплуатациялоого байланыштуу ички чыгымдарды тартышы мүмкүн. Тышкы пайдаланууга арналган веб-сайт ишкананын продукцияларын жана кызмат көрсөтүүлөрүн илгерилетүү жана жарнамалоо сыяктуу түрдүү максаттар үчүн пайдаланылышы мүмкүн. Ички пайдаланууга арналган веб-сайт ишкананын саясаты жана кардарлары тууралуу маалыматтарды сактоо үчүн, ошондой эле тийиштүү маалыматтарды издөө үчүн пайдаланылышы мүмкүн.

2 Веб-сайтты иштеп чыгуунун этаптары төмөндө келтирилген:

(a) Пландаштыруу – иштеп чыгуунун иш жүзүнө ашырыла тургандыгын изилдөөнү, максаттарын жана спецификациялоону аныктоону, альтернативаларды баалоону жана артыкчылыктарды тандоону камтыйт.

(b) Программалык камсыздоону жана инфраструктураны иштеп чыгуу – символдук аталышты алууну, аппараттык жана системалуу техникалык камсыздоону иштеп чыгууну, буга чейин даяр программалык камсыздоону жана стресс-тестирлөөнү орнотууну камтыйт.

(c) Графикалык дизайнды иштеп чыгуу – веб-сайттын барактарын жасалгалоону иштеп чыгууну камтыйт.

(d) Мазмунун иштеп чыгуу – маалыматты графикалык же тексттик түзүүнү, сатып алууну, даярдоону жана аны иштеп чыгуу аяктагыча веб-сайтка жүктөөнү камтыйт. Бул маалымат веб-сайт менен интеграцияланган айрым маалыматтар базасы түрүндө (же анын жардамы менен жеткиликтүү болгон) же түздөн-түз веб-сайттын барактарында сакталышы мүмкүн.

3 Веб-сайтты иштеп чыгуу этабы аяктагандан кийин түздөн-түз эксплуатациялоо этабы башталат. Бул этапта ишкана программалык камсыздоону, инфраструктураны, графикалык дизайнды жана веб-сайттын мазмунун колдойт жана жакшыртат.

4 Ички пайдаланууга же тышкы пайдаланууга арналган ишкананын веб-сайтын иштеп чыгууга жана эксплуатациялоого ички чыгымдарды чагылдырууда төмөндөгү суроолор келип чыгат:

© ФОЭС Фонду

(a) ФОЭС (IAS) 38дин талаптары пайдаланылган веб-сайт ишкана өзү түзгөн материалдык эмес актив болуп саналабы; жана

(b) мындай чыгымдарды эсепке алуунун тийиштүү тартиби кандай.

5 Бул Түшүндүрмө веб-сайтты сатып алууга, иштеп чыгууга жана техникалык камсыздоону эксплуатациялоого чыгымдарга карата колдонулбайт (мисалы, веб-серверлерди, алдын ала тесттен өткөрүү үчүн серверлерди, өндүрүштүк серверлерди жана интернет-кошулууну камсыздоо үчүн жабдууну). Мындай чыгымдар ФОЭС (IAS) 16га ылайык эсепке алынат. Мындан тышкары, ишкана веб-сайттын хостинги боюнча интернет-провайдердин кызматын төлөөгө байланыштуу чыгымдарды көтөргөндө, мындай чыгымдар ФОЭС (IAS) 1дин 88-пунктуна жана финансылык отчетторду берүүнүн Концептуалдык негиздерине ылайык бул кызмат көрсөтүүлөр алынганына жараша чыгашалар катары таанылат.

6 ФОЭС (IAS) 38 демейки ишмердүүлүктүн жүрүшүндө сатууга арналган материалдык эмес активдерге (ФОЭС (IAS) 2ге жана ФОЭС (IFRS) 15ке кара) же ФОЭС (IFRS) 16га ылайык эсепке алынчу материалдык эмес активдердин ижара келишимдерине карата колдонулбайт. Демек, бул Түшүндүрмө башка ишканага сатууга арналган веб-сайтты (же веб-сайт үчүн программалык камсыздоону) иштеп чыгууга жана эксплуатациялоого чыгымдарга же ФОЭС (IFRS) 16га ылайык эсепке алынуучу чыгымдарга карата колдонулбайт.

## Консенсус

7 Ишкана тарабынан ички же тышкы пайдаланууга арналып иштелип чыккан веб-сайт ишкана өзү түзгөн материалдык эмес актив болуп саналат, ага карата ФОЭС (IAS) 38дин талаптары колдонулат.

8 Ишкана тарабынан иштелип чыккан веб-сайт ФОЭС (IAS) 38дин 21-пунктунда баяндалган таануунун жана баштапкы баалоонун негизги талаптарына ылайык келишине кошумча иретинде ишкана ФОЭС (IAS) 38дин 57-пунктунда камтылган талаптарды аткара алганда гана, материалдык эмес актив катары таанылууга тийиш. Атап айтканда, ишкана, мисалы, веб-сайт аркылуу заказдарды жайгаштыруу мүмкүнчүлүгүнөн түшкөн акчаны кошуп, түшкөн акча алып келе баштаганда, ФОЭС (IAS) 38дин 57(d)-пунктуна ылайык ыктымалдуу келечектеги экономикалык пайдаларды түзө баштаганда демонстрациялоо талабын аткара алат. Ишкана жалаң гана же негизинен өзүнүн продукцияларын жана кызмат көрсөтүүлөрүн жылдыруу жана жарнамалоо үчүн иштелип чыккан веб-сайт ыктымал келечектеги экономикалык пайдаларды түзө баштагандыгын көрсөтө албайт; демек, мындай веб-сайтты иштеп чыгууга жумшалган чыгымдар алар пайда болгондон тартып чыгашалар катары таанылууга тийиш.

9 Веб-сайтты иштеп чыгууга жана эксплуатациялоого жумшалган ишкананын бардык ички чыгымдары ФОЭС (IAS) 38ге ылайык эске алынууга тийиш. Чыгымдарга байланыштуу болгон ар бир ишмердүүлүктүн мүнөзүн (мисалы, кызматчыларды окутуу жана веб-сайтты колдоо), ошондой эле эсепке алуунун тийиштүү тартибин орнотуу үчүн иштеп чыгуудан кийин башталчу иштеп чыгуу этабын талдап чыгуу зарыл (кошумча сунуштамалар бул Түшүндүрмөгө коштоочу материалдар катары көрсөтмөлүү мисалда келтирилет). Мисалы:

(a) Пландаштыруу этабы өзүнүн мүнөзү боюнча ФОЭС (IAS) 38дин 54 - 56-пункттарындагы изилдөөлөрдүн стадиясына окшош болот. Бул этапта жумшалган чыгымдар алардын пайда болушуна жараша чыгашалар катары таанылууга тийиш.

(b) программалык камсыздоону жана инфраструктураны иштеп чыгуу стадиясы, графикалык дизайнды иштеп чыгуу стадиясы жана мазмунун иштеп чыгуу стадиясы, мазмуну ишкананын өзүнүн продукцияларын жана кызмат көрсөтүүлөрүн жарнамалоо же жылдыруу максатында иштелип чыкпаган шарттарда өзүнүн мүнөзү боюнча ФОЭС (IAS) 38дин 57 - 64-пункттарындагы

иштеп чыгуу стадиясына окшош болот. Бул этаптардагы жумшалган чыгымдар ушул Түшүндүрмөнүн 8-пунктуна ылайык материалдык эмес актив катары таанылган веб-сайттын өздүк наркына кошулууга тийиш, ишкананын жетекчилиги пландаштыргандай иштеши үчүн веб-сайтты түзүүгө, чыгарууга же даярдоого түздөн-түз тийиштүү жана зарыл болгон чыгымдар. Мисалы, түздөн-түз веб-сайтка арналган мазмунун (ишкананын продукцияларын жана кызмат көрсөтүүлөрүн жарнамалоого же илгерилетүүгө арналган мазмундан тышкарылары) же веб-сайтка мазмунду пайдаланууга укук алууга байланыштуу (мисалы, чыгарууга лицензия алуу үчүн) чыгымдар бул шарттар аткарылган учурларда иштеп чыгуулардын баштапкы наркына кошулууга тийиш. Бирок, ФОЭС (IAS) 38дин 71-пунктуна ылайык, буга чейинки финансылык отчеттуулукта баштапкы таанууда чыгымдар катары таанылган материалдык эмес беренеге чыгашалар материалдык эмес активдин баштапкы наркынын бөлүгү катары таанылбашы керек (мисалы, эгерде автордук укуктун баштапкы наркы толугу менен амортизацияланса, андан кийин мазмун веб-сайтка жайгаштырылса);

(c) ишкананын продукцияларын жана кызмат көрсөтүүлөрүн жарнамалоого же жылдырууга арналган мазмундун бөлүгүн иштеп чыгуу этабындагы чыгымдар (мисалы, продукциянын санариптик фотографиялары) ФОЭС (IAS) 38дин 69-пунктуна ылайык пайда болгон сайын чыгашалар катары таанылууга тийиш. Мисалы, ишкананын өзүнүн продукцияларын санариптик фотографиясын тартуу жана алардын сүрөттөлүшүн жакшыртуу боюнча кесипкөй кызмат көрсөтүүлөргө чыгымдарды чагылдырууда чыгымдар чыгашалар катары таанылууга тийиш, анткени кесипкөй кызмат көрсөтүүлөр фотографияларды веб-сайтта демонстрациялоо убактысында эмес, мазмунду иштеп чыгуу процессинде алынган.

(d) эксплуатациялоо этабы веб-сайтты иштеп чыгуу аяктагандан кийин башталат. Бул этапта жумшалган чыгымдар алар ФОЭС (IAS) 38дин 18-пунктунда баяндалган таануу критерийлерине жооп берген учурлардан тышкары пайда болгон сайын чыгашалар катары таанылууга тийиш.

10 Бул түшүндүрмөнүн 8-пунктуна ылайык материалдык эмес актив катары таанылган веб-сайт баштапкы таануудан кийин ФОЭС (IAS) 38дин 72 - 87-пункттарынын талаптарына ылайык бааланууга тийиш. Кыска мөөнөт веб-сайттын пайдалуу кызмат мөөнөтүнүн эң мыкты эсептик баалоосу болууга тийиш.

## Консенсустун күнү

2001-жылдын майы.

## Күчүнө кирүү күнү

Бул түшүндүрмө 2002-жылдын 25-мартынан тартып күчүнө кирет. Бул түшүндүрмөнү кабыл алуунун таасири 1998-жылы чыгарылган ФОЭС (IAS) 38 камтылган өткөөл мезгилдин шарттарын колдонуу менен чагылдырылууга тийиш. Ошондуктан веб-сайт материалдык эмес актив катары таануу критерийлерин канааттандырбаган учурларда, бирок мурда актив катары чагылдырылган болсо, бул түшүндүрмө күчүнө кирген учурдан тартып аны бул берене боюнча чагылдырууну токтотуу зарыл. Веб-сайт иштеп жатса, аны иштеп чыгуу боюнча чыгымдар материалдык эмес актив катары таануу критерийлерин канааттандырса, бирок мурда актив катары чагылдырылбаса, анда материалдык эмес активди бул түшүндүрмө күчүнө кирген учурдан тартып аны бул берене боюнча чагылдырбаш керек. Веб-сайт иштеп жатса, аны иштеп чыгуу боюнча чыгымдар материалдык эмес актив катары таануу критерийлерин канааттандырса, мындай веб-сайт мурда материалдык эмес актив катары баштапкы таануудагы наркы боюнча чагылдырылса, анда баштапкы таануудагы суммасы туура аныкталган деп эсептелет.

ФОЭС (IAS) 1 (2007-жылы кайра каралган) тарабынан ФОЭСте пайдаланылган терминологияга түзөтүүлөр киргизилген. Андан тышкары ал 5-пунктка түзөтүүлөрдү киргизген. Ишкана бул түзөтүүлөрдү 2009-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге колдонууга тийиш. Эгерде ишкана ФОЭС (IAS) 1ди (2007-жылы кайра каралган) алда канча эрте мезгилдерге карата колдонсо, көрсөтүлгөн бардык түзөтүүлөр ошол алда канча эрте мезгилдерге карата колдонулууга тийиш.

2014-жылдын май айында чыгарылган *"Сатып алуучулар менен келишимдер боюнча түшкөн киреше"* ФОЭС (IFRS) 15 тарабынан "Шилтемелер" бөлүмүнө өзгөртүүлөр киргизилген. Ишкана бул өзгөртүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 15ти колдонгондо бир убакта колдонууга тийиш.

2016-жылдын январында чыгарылган ФОЭС (IFRS) 16 тарабынан 6-пунктка түзөтүүлөр киргизилген. Ишкана бул түзөтүүлөрдү ФОЭС (IFRS) 16ны колдонгондо бир убакта колдонууга тийиш.

2018-жылы чыгарылган *"ФОЭС стандарттарындагы "Концептуалдык негиздердин" шилтемелерине түзөтүүлөр*" документи 5-пунктка түзөтүү киргизген. Ишкана бул түзөтүүнү 2020-жылдын 1-январынан же бул күндөн кийин башталган жылдык мезгилдерге карата колдонууга тийиш. Ишкана "ФОЭС стандарттарындагы "Концептуалдык негиздердин" шилтемелерине түзөтүүлөр" документине киргизилген бардык башка түзөтүүлөрдү кошо колдонгон шарттарда мөөнөтүнөн мурда колдонууга жол берилет. Ишкана ТТК (SIC) 32 түшүндүрмөлөрүнө бул түзөтүүнү *"Эсеп саясаты, бухгалтердик баалоолордогу өзгөртүүлөр жана каталар"* ФОЭС (IAS) 8ге ылайык ретроспективдүү колдонууга тийиш. Бирок, эгерде ишкана ретроспективдүү колдонуу практикада мүмкүн эмес болсо же ашкере чыгымдарды жана күч-аракетти талап кылат деп аныктаса, анда ал ТТК (SIC) 32 түшүндүрмөсүнө түзөтүүлөрдү ФОЭС (IAS) 8дин 23 - 28, 50 - 53 жана 54F- пункттарына ылайык колдонууга тийиш.

© ФОЭС Фонду